## БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 13 ЗАСЕДАНИЕСИНИН
## Т О К Т О М У

2023-жылдын 24-январы № 13/1 Кайнама айылы.

Будалык айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин 2021-жылга аткарылышы, 2022- жылга маалыматы, 2023-жылга жергигилктүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн бекитүү, 2024-2025-жылдарга болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө

Будалык айыл өкмөтүнүн башчысы К.Мусабаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Будалык айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын кезектеги 13-заседаниеси **токтом кылат:**

1. Будалык айыл өкмөтүнүн 2021-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 16394,8 миң сомго, анын ичинен өздүк киреше 3040,9 миң сом(анын ичине атайын каражат 410,7 миң сом), теңдештирүүчү трансферт 8781,5 миң сом, республикалык бюджеттен берилүүчү максаттуу трансферт 742,4 миң сом, өткөн жылдан өткөн калдык 3830,0 миң сом, жана чыгаша бөлүгү 14757,5 миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.
2. Будалык айыл өкмөтүнүн 2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 17823,8 миң сомго, анын ичинен өздүк киреше 4085,9 миң сом( анын ичине атайын каражат 557,4 миң сом), теңдештирүүчү трансферт 8660,0 миң сом, республикалык бюджеттен берилүүчү максаттуу трансферт 3449,4 миң сом, өткөн жылдан өткөн калдык 1628,5 миң сом, жана чыгаша бөлүгү 14755,7 миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.
3. Будалык айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 18184,5 миң сомго, теңдештирүүчү трансферт 14519,0 миң сомго, өздүк киреше 3665,5 миң сомго (анын ичиненде атайын каражаттар 320,0 миң сомго) бекитилсин.
4. 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорунун планы 19185,5 миң сомго,анын ичинен: теңдештирүүчү трансферт 14519,0 миң сомго, өздүк киреше 4666,5 миң сомго, 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планы 19432,5 миң сомго анын ичинен: тендештирүүчү трансферт 14519,0 миң сомго, өздүк киреше 4913,5 миң сомго долбоорунун болжолуу бекитилсин.

5. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектепке чейинки мекеме, балдар бакчаларындагы балдардын ата-энелерден түшүүчү төлөмдөрү бир балага айына 600 сомдон белгиленсин.
6. Будалык айыл өкмөтүндө жайгашкан мектептерге жана мекемелерге бюджетте каралган акча каражаттарын туура жана максаттуу пайдалануу жагын камсыз кылуу, отчет-учет иштерин убагында айыл өкмөтүнүн финансы бөлүмүнө тапшыруу жагы мекеме башчыларына жана чарбалык иштер боюнча директорлордун орун басарларына милдеттендирилсин.
7. Бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча өз убагында мыйзамдуу жумшалышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Мусабаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу А.Осмоновго милдеттендирилсин.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Будалык айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Исманалиевага тапшырылсын.

**Будалык айылдык кенешинин**
**төрагасы:** **Арапбай уулу Улан**